**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

____________________№__________ Бишкек шаары

**Коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо, баалоо жана башкаруу тартиби жөнүндө жобону ишке ашыруунун алкагында коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу тутумун киргизүү боюнча жумушчу топ түзүү тууралуу**

Коррупцияны алдын алууга, коррупциялык тобокелдиктерди аныктоого, баалоого, минималдаштырууга жана мониторинг жүргүзүүгө системалуу мамилени камсыз кылуу, ошондой эле антикоррупциялык талаптардын сакталышына ички контролду уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 8-апрелиндеги № 232 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо, баалоо жана башкаруу тартиби жөнүндө жобого жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 247 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги жөнүндө» жобого ылайык, **буйрук кылам:**

1. Коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо, баалоо жана башкаруу тартиби жөнүндө Жобону (мындан ары – Жобо) ишке ашыруунун алкагында коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу тутумун киргизүү боюнча жумушчу топтун курамы Тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жумушчу топко Министрликтин жана анын ведомстволук мекемелеринин ишиндеги коррупциялык тобокелдиктерге талдоо жүргүзүү функциялары, ошондой эле коррупциялык тобокелдиктерди башкарууну жөнгө салуучу ички укуктук актыларды иштеп чыгуу жана киргизүү процессинде коррупцияга каршы аракеттенүү тутумун уюштурууга жооптуу түзүмдүк бөлүмгө эксперттик-консультациялык колдоо көрсөтүү жана сунуштамаларды даярдоо функциялары жүктөлсүн.
3. Министрликтин укуктук камсыздоо бөлүмү Жобону ишке ашырууну уюштуруу, координациялоо жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктар берилген жооптуу түзүмдүк бөлүм болуп аныкталсын.

005653

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

4. Укуктук камсыздоо бөлүмү:

- Жобонун талаптарын мамлекеттик жарандык кызматчыларга кол койдуруу менен милдеттүү түрдө тааныштыруу, ошондой эле аларды сактабагандыгы үчүн жоопкерчилик чараларын түшүндүрүү иштерин аткарсын;

- Жумушчу топ Жобону ишке ашыруунун жүрүшү, аныкталган көйгөйлөр (кемчиликтер) жана көрүлгөн чаралар жөнүндө жетекчиликке отчеттордун үзгүлтүксүз даярдалышын жана берилишин камсыз кылсын;

- Кызматчылардын маалымдуулугун жогорулатууга жана коррупциялык тобокелдиктерди башкаруунун практикалык көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган кеңешмелерди, жумушчу жолугушууларды, семинарларды жана тренингдерди туруктуу негизде өткөрүү камсыз кылынсын.

5. Министрликтин борбордук аппаратынын башкармалыктарынын жана бөлүмдөрүнүн, Министрликтин алдындагы мекемелердин жетекчилери Министрликтин укуктук камсыздоо бөлүмүнө ар тараптуу көмөк көрсөтүүнү, зарыл материалдарды, маалыматтарды жана сунуштарды өз убагында берүүнү камсыз кылышсын.

6. Министрликтин Адам ресурстары жана иш кагаздарын жүргүзүү башкармалыгы ушул буйрукту тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөргө, Министрликтин алдындагы мекемелерге жеткирсин.

7. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Н.А. Керимовго жүктөлсүн.

## О создании рабочей группы по внедрению системы управления коррупционными рисками в рамках реализации Положения о порядке выявления, оценки и управления коррупционными рисками

В целях обеспечения системного подхода к предупреждению коррупции, выявления, оценки, минимизации и мониторинга коррупционных рисков, а также организации внутреннего контроля за соблюдением антикоррупционных требований, в соответствии с Положением о порядке выявления, оценки и управления коррупционными рисками в государственных органах и органах местного самоуправления Кыргызской Республики, утвержденном постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 8 апреля 2026 года № 232 и Положением «О Министерстве энергетики Кыргызской Республики», утвержденном постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 15 ноября 2021 года № 247, **приказываю:**

1. Утвердить состав рабочей группы по внедрению системы управления коррупционными рисками в рамках реализации Положения о

005653

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

порядке выявления, оценки и управления коррупционными рисками (далее – Положение), согласно Приложению.

2. Возложить на рабочую группу функции по проведению анализа коррупционных рисков в деятельности Министерства и его подведомственных подразделениях, а также функции по оказанию экспертно-консультационной поддержки и подготовке рекомендаций ответственному структурному подразделению за организацию системы противодействия коррупции, в процессе разработки и внедрения внутренних правовых актов, регламентирующих управление коррупционными рисками.

3. Определить отдел правового обеспечения Министерства ответственным структурным подразделением, наделенным полномочиями по организации, координации и контролю за реализацией Положения.

4. Отделу правового обеспечения:

- довести требования Положения до сведения государственных гражданских служащих с обязательным ознакомлением под роспись, а также разъяснением мер ответственности за их несоблюдение.

- обеспечить регулярную подготовку и представление руководству отчетности о ходе реализации Положения, выявленных проблемах (недостатках) и принятых мерах.

- обеспечить проведение на постоянной основе совещаний, рабочих встреч, семинаров и тренингов, направленных на повышение уровня знаний служащих и формирование практических навыков управления коррупционными рисками.

5. Руководителям управлений и отделов центрального аппарата Министерства, подведомственных подразделений Министерства, обеспечить всестороннее содействие отделу правового обеспечения, своевременное предоставление необходимых материалов, информации и предложений.

6. Управлению человеческих ресурсов и делопроизводства Министерства довести настоящий приказ до сведения всем задействованным структурным подразделениям, подведомственным подразделениям Министерства.

7. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Н.А. Керимова.

**Министрдин м.у.а.,**
**министрдин биринчи орун басары** **Ө.Ж. Жеңишбеков**

005653

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Тиркеме
Кыргыз
Республикасынын
Энергетика
министрлигинин
2026-жылдын
____-_____________
№ __ буйругуна

Коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо, баалоо жана башкаруу тартиби жөнүндө жобону ишке ашыруу боюнча жумушчу топтун

**КУРАМЫ**

| | |
|---|---|
| Керимов Насипбек Асматович | Министрдин орун басары (Жумушчу топтун жетекчиси) |
| Уркунчиев Чынгыз Калыгулович | Укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы (Жумушчу топтун жетекчисинин орун басары) |
| Турдумаматов Нурмухамед Тойчуевич | Министрдин кеңешчиси |
| Сагынбаева Диляра Акимжановна | Адам ресурстары жана иш кагаздарын жүргүзүү башкармалыгынын башчысы |
| Эгемберди уулу Бектеналы | Электр энергетикасы башкармалыгынын башчысы |
| Назаркулова Ельнура Тынымкановна | Финансы жана техникалык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы |
| Уметалиева Жамила Заводбековна | Корпоративдик башкаруу, прогноздоо жана талдоо бөлүмүнүн башчысы |
| Абдурасулова Светлана Камбаровна | Отун ресустары, газ жана жылуулук менен камсыздоо бөлүмүнүн башчысы |
| Асан уулу Талгат | Энергиянын кайра жаралуучу булактарын өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы |
| Урматбеков Данияр Урматбекович | Долбоорлорду илгерилетүү жана мониторинг бөлүмүнүн башчысы |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

| | |
|---|---|
| Туменбаева Асель Асанбековна | Биринчи сектордун башчысы |
| Кожогулов Чубак Эркиндикович | Укуктук камсыздоо бөлүмүнүн жетектөөчү адиси |
| Шаршеналиев Ынтымак Эркинбекович | Министрлике караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментинин укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы |
| Ибраимов Бексултан Эсентурович | Министрлике караштуу Энергетикалык көзөмөл боюнча Кызматтын Укуктук камсыздоо жана талдоо иштери боюнча секторунун башчысы |
| Джолоев Мирлан Кушчубекович | Министрлике караштуу Энергетика илимий-изилдөө институтунун Талдоо жана божомолдоо бөлүмүнүн улук илимий кызматкери |
| Куданалиев Эмил Темирбекович | Министрлике караштуу «Энергодолбоор» Кыргыз мамлекеттик илимий-изилдөө жана долбоордук-издеп табуу институтунун башкы инженери |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 13-43, 29.04.2026

Кол койгон: Жеңишбеков Ө.Ж.